**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылы үчүн окуу планына түшүндүрмө кат**

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн базистик окуу планы 2022-2023-окуу жылы үчүн Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги “Кыргыз Республикасынын жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарттарын бекитүү жөнүндө”№201 “Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндөгү” токтому менен бекитилген жалпы билим берүү уюмдарында билим берүү шарттарына жана уюштуруусуна коюлган санитардык-эпидемиологиялык талаптарга, ошондой эле билим берүү тармагындагы Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук документтерге ылайык иштелип чыккан.

Окуу планын КРнын Билим Берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-августундагы № 1529/1 буйругу менен бекитилген, 2022-2023-окуу жылындагы окуу планынын негизинде түзүлүп Сокулук райондук билим берүү бөлүмү менен макулдашылган. Билим берүү үч баскычты камтуу менен жүргүзүлөт.

- Жалпы башталгыч билим берүү-1-4-класстар
- Жалпы негизги билим берүү -5-9-класстар
- Жалпы орто билим берүү-10-11-класстар

2022-2023-окуу жылында Нурлан Рахманов атындагы орто мектебинде 11 класс комплект жана 233 окуучу билим алат.Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт. Окуу планында жумалык жалпы саат 295 саат

| Класстар | Класстардын комплекти | Окуу планы боюнча сааты | Кошумча сааты | Жумалык сааты (баардыгы) |
|---|---|---|---|---|
| 1-4-класстар | 4 | 90 | 5 | 95 |
| 5-9-класстар | 6 | 175 | 9 | 184 |
| 10-11-класстар | 1 | 30 | - | 30 |
| Баары | 11 | 295 | 14 | 309 |

1-4-класстар боюнча 90 саат;
5-9-класстар боюнча 175 саат;
11-класстар боюнча 30 саат;

**1 баскыч:** 1-класс 21 саат, 2-класс 23 саат, 3-класс 23 саат, 4 класс – 23 саат.
**2 баскыч:** 5- класс 27 саат +1 саат компонент, 6 – класс 29 саат, 7 –класс -30 саат, 8-класс 29 саат+1 компонент. 9-класс экөө 60саат.
**3 баскыч:** 11-класс 30 саат

Мектепте Базистик окуу планы сунуш кылган мектеп компоненти, 5-класста математика, 8-класста кыргыз адабияты сабактарына киргизилген жана окуу багытынын өзгөчөлүктөрүн чагылдырган, окуучулардын кызыкчылыгына карата бөлүнгөн.

Ден соолугуна байланыштуу мектепке келип окууга мүмкүнчүлүгү чектелген окуучу жок.

Мектептин окуу программасы мамлекеттик Билим берүү стандартынын Негизги компетенттүлүгүн окуу процессинде колдонулат.
Окуу 5 күндүк мөөнөт менен жүргүзүлөт, сабактар 2 сменада өтөт. Сабактын узактыгы 45 мүнөт.

Сабак 1-смена саат 8-00дө башталып,13-00 до бүтөт, 2-смена 13-15 де башталып, 18-15те бүтөт

Мектептик компоненттердин багыттары боюнча сааттардын бөлүнүшү:
Кыргыз тили боюнча мектептик компонент 8-классына 1 саат берилди.
Математика боюнча мектептик компонент 5-классына 1 саат берилди.

Мектептик компоненттер үчүн предметтерди окутуу атайын бекитилген программалар менен ишке ашырылат.

Мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмунда Базистик окуу планынын компоненттери мамлекеттик тийиштүү бюджеттин эсебинен каржыланат.